| | |
|---|---|
| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | СР01-ИП02 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда
Протокол № 6
«25» февраль 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору, ф.-м.и.к., доцент
_____________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/35
«26» февраль 2026-ж.

**И. РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН 2026-2030-жылдарга ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ**

**Бишкек, 2026**

**ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ**

| УЧА версиясы № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | 2022-ж. 30-майдагы № 10 протоколу |
| 2 | Университеттин өзгөчө макамына байланыштуу түзүмү жана мазмуну жаңыланды. | 2023-ж. 29-мартындагы № 7 протоколу |
| 3 | 2026-2030-жылдарга өнүгүүнүн жаңы вектору аныкталды, 2023-2025-жылдардагы көрсөткүчтөрдүн көпчүлүгүнө жетишилгендигине байланыштуу университеттин бардык өнүгүү программалары боюнча индикаторлор кайра каралды.<br>3-бөлүмдө университеттердин жаңы референттик тобу тандалды.<br>Университетти өнүктүрүү программалары боюнча мүмкүн болгон тобокелдиктер аныкталды. | 2026-ж. 25-февралындагы № 6 протоколу |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## АТКАРУУЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ (2023-2028-ж.ж.)

1. Чыныбаев М.К. – ректор, ф-м.и.к, доцент
2. Элеманова Р.Ш. – академиялык иштер боюнча проректор, т.и.к., доцент
3. Торобеков Б.Т. – илимий иштер боюнча проректор, т.и.д., доцент
4. Чымыров А.У. – эл аралык байланыштар боюнча проректор, т.и.к., доцент
5. Маданбеков Н.Ж. – санариптештирүү боюнча проректор, т.и.к., доцент
6. Асиев А.Т. –административдик-чарба иштери боюнча проректор, т.и.к., доцент
7. Таштобаева Б.Э. – окумуштуу катчы, т.и.к., профессор
8. Мырзалиева М.А. – тарбия иштери боюнча департаменттин директору
9. Курманова Н.М. - пландоо-каржы башкармалыгынын башчысы

## АТКАРУУЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ (2026-2030-ж.ж.)

1. Чыныбаев М.К. – ректор, ф-м.и.к, доцент
2. Сырымбекова Э.И. – академиялык иштер боюнча проректор, х.и.к.
3. Элеманова Р.Ш. – илимий иштер боюнча проректор, т.и.д., доцент
4. Чымыров А.У. – эл аралык байланыштар боюнча проректор, т.и.к., доцент
5. Арзыбаев А.М. – санариптештирүү жана мамлекеттик тил боюнча проректор, к.т.н., доцент
6. Асиев А.Т. – административдик-чарба иштери боюнча проректор, т.и.к., доцент
7. Таштобаева Б.Э. – окумуштуу катчы, т.и.к., профессор
8. Мусаева А.К. – адам ресурстары башкармалыгынын башчысы
10. Мырзалиева М.А. – тарбия иштери боюнча департаменттин директору
9. Боронбаев Э.К. – ишканалар менен кызматташууну күчөтүү боюнча координатор, т.и.д., профессор
10. Омуркулова Г.К. - пландоо-каржы башкармалыгынын башчысы, э.и.к.

**МАЗМУНУ**


1. Жалпы жоболор ........................................................................... 6
2. Учурдагы өнүгүү тенденцияларын талдоо жана баалоо ............................. 6
3. Өнүгүү моделин тандоо ................................................................. 10
4. Миссия жана көз-караштар.............................................................. 12
5. Өнүгүүнүн приоритеттүү багыттары .................................................. 12
6. Стратегияны ишке ашыруу механизми ................................................ 12
7. Мүмкүн болгон тобокелдиктер .......................................................... 13

Тиркеме 1. “Сапаттуу билим берүү” программасы.................................... 14

Тиркеме 2. “Алдыңкы илим жана инновациялар” программасы....................... 22

Тиркеме 3. “Адам ресурстарын күчөтүү” программасы................................ 30

Тиркеме 4. “Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү" программасы................... 34

Тиркеме 5. “Инфратүзүмдү өнүктүрүү, коопсуз жана натыйжалуу чөйрө” программасы.............................................................................. 36

Тиркеме 6. “Санарип университет” программасы..................................... 42

Тиркеме 7. “Социалдык жана өнүктүрүүчү чөйрө” программасы.................... 45

Тиркеме 8. Өнүгүү программаларын ишке ашыруудагы мүмкүн болуучу тобокелдиктер.............................................................................. 44

## КЫСКАРТУУЛАР ТИЗМЕСИ

QS – Quacquarelli Symonds (QS Asia University Rankings - Азия өлкөлөрүнүн жождорунун рейтинги)
АжДБ – аспирантура жана докторантура бөлүмү
АИ – академиялык иш
АМС – автоматташтырылган маалыматтык система
АРБ – адам ресурстары башкармалыгы
АЧБ – административдик-чарба бөлүмү
АЧИ – административдик-чарба иштери
ББП – биргелешкен билим берүү программасы
БӨУ – бейөкмөттүк уюмдар
БП – билим берүү программасы
БСД – билим берүү сапаты департаменти
ДИАБ –долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү
ЖМ – жогорку мектеп
ИБКС – ишмердүүлүктү башкарууну көзөмөлдөө системасы
ИИ – илимий иш
ИИ – илимий-изилдөө иштери
ИИИ – илимий-изилдөө институту
ИКЖД – илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти
ИПК – илимий-педагогикалык кызматкер
ИТК – илимий-техникалык китепкана
КМШ – көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги
КОББ – кесиптик орто билим берүү
КР ИЖБИМ – Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги
КР УИА – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
КФ – коомдук фонд
МЖӨ – мамлекеттик-жеке өнөктөштүк
МС – маалыматтык система
МТД – маалыматтык технологиялар департаменти
ОБ – окуу башкармалыгы
ОКББ – орто кесиптик билим берүү бөлүмү
ПжКБ – практика жана карьера борбору
ПОК – профессордук-окутуучулук курам
ПФУ – пландоо-каржы башкармалыгы
РИЦИ – Россия илимий цитаталоо индекси
РКТУК – Россия-Кыргыз техникалык университеттер консорциуму
СИИИ – студенттердин илимий-изилдөө иштери
СИТБ – санариптик инфратүзүмдү тейлөө бөлүмү
СТБ  – студенттерди тейлөө борбору
ТБ – түзүмдүк бөлүмдөр
ТИД - тарбия иштери боюнча департаменти
ТМИ – түз мамлекеттик инвестициялар
Э.бөл – эл аралык бөлүм
ЭБ – эл аралык байланыштар

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин 2028-2030-жылдарга карата өнүгүү стратегиясы (мындан ары - Стратегия) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен кабыл алынган Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2040-жылдарга өнүктүрүү стратегиясына ылайык, университеттин билим берүү саясатын ишке ашыруу жана камсыз кылуу максатында иштелип чыккан, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 30-декабрындагы № 02-2/ 3553 университетин кайрадан уюштуруп түзүү жөнүндө катын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы № 178 Жарлыгы менен кабыл алынган Кыргыз Республикасын 2030-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасын эске алуу менен жаңыланган.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (мындан ары - И. Раззаков атындагы КМТУ) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 90 "2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын санариптик трансформациялоо концепциясын бекитүү жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын санариптик трансформациялоо концепциясында аныкталган артыкчылыктарды, максаттарды жана милдеттерди толугу менен колдойт жана өзүнүн Стратегиясынын негизинде аларды ишке ашырууга умтулат.

И. Раззаков атындагы КМТУ туруктуулукту жана өнөктөштүк, изилдөө, билим берүү жана инновациялык ишмердүүлүк, коомчулукту тартуу жана билим берүү аркылуу оң социалдык таасирди камсыздоого бекем ишенет, бул 4-максаттын аткарылышы болуп саналат, жеткиликтүү жана адилеттүү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу жана бардыгы үчүн өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн илгерилетүү (ТӨМ 2030).

И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү стратегиясы билим берүү жана илим жаатында системалуу инновациялык долбоорду жана санариптик трансформация программасын иштеп чыгууну болжолдойт, алар ишмердүүлүктүн бардык аспектилеринин системалуу, жалпы сапатына жетишүүгө, кызыкдар тараптар менен өнөктөштүктү өнүктүрүүгө, билим берүү жана илимдеги дүйнөлүк тенденцияларга шайкеш келүү үчүн шарттарды түзүүгө, билим берүү, илимий жана инновациялык ишмердүүлүктү интеграциялоого багытталган.

И. Раззаков атындагы КГТУнун ишмердүүлүгүндө жаштардын жана студенттердин жогорку моралдык нормаларды, салт-санааларды, коомдук баалуулуктарды, дени сак жашоо образын өздөштүрүүсү, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы "Адамдын рухий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгынын концепциясын түзгөн жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына кошулуусу аркылуу тарбиялоого маанилүү маани берилет.

## 2. УЧУРДАГЫ ӨНҮГҮҮНҮН ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫН ТАЛДОО ЖАНА БААЛОО

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети 1954-жылдын октябрында Фрунзе политехникалык институтунун (мындан ары - ФПИ) базасында түзүлгөн.

Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодогу жетишкен ийгиликтери үчүн ФПИнин жамаатына СССРдин түзүлгөнүнүн 50 жылдыгына карата өлкөнүн 26 мыкты жогорку окуу жайларынын катарында КПСС БКнын, СССР Жогорку Советинин Президиумунун, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин Маарекелик Ардак Белгиси тапшырылган.

1988-жылы ФПИ СССРдин 756 техникалык жогорку окуу жайларынын арасындагы Бүткүл союздук социалисттик мелдештин биринчи орууну үчүн КПСС БКнын, СССР

Жогорку Советинин Президиумунун, СССР Министрлер Советинин, ЛЖСКМ БКнын жана ВЦСПСтин Өтмө Кызыл Туусу менен сыйланган.

1992-жылы ФПИнин базасында Кыргыз техникалык университети түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 5-декабрындагы № 522 токтому менен Кыргыз техникалык университетине И. Раззаковдун ысымы ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 5-октябрындагы Жарлыгы менен И. Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетине «улуттук» макамы берилген. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 3-майындагы Жарлыгы менен жогорку окуу жайы И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети болуп кайрадан аталган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы менен И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети укук мураскери макамын белгилөө жана ага Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетин, У. Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университетин кошуу жолу менен кайра уюштурулду.

И. Раззаков атындагы КМТУ уюштуруу-укуктук формасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 УП Жарлыгына ылайык өзгөчө статуска ээ болгон мамлекеттик билим берүү мекемеси болуп саналат. Университет Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагына ылайык кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдериндеги билим берүү программаларын ишке ашырат.

И. Раззаков атындагы КМТУ учурда Кыргызстандагы алдыңкы көп тармактуу университет болуп саналат – Кыргызстандагы жогорку техникалык билим берүүнүн флагманы жана илимди, билим берүүнү жана маданиятты интеграциялоо боюнча инновациялык борбор болуп саналат. 2011-жылы университеттердин Улуу Хартиясына кол коюлуп, И. Раззаков атындагы КМТУ расмий түрдө Болон процессине кошулду. Билим берүү программалары боюнча электрондук маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн иштеши үчүн шарттар түзүлгөн.

И. Раззаков атындагы КМТУнун түзүмүнө 9 институт, 2 жогорку мектеп, 4 аймактык жактан обочолонгон филиал, 77 кафедра (анын ичинен 10 филиалда), филиалдарда орто кесиптик билим берүүнүн 4 бөлүмү, 4 колледж жана 1 лицей кирет.

И. Раззаков атындагы КМТУда окугандардын жалпы саны 28 миңден ашык студентти түзөт, ал эми орто кесиптик билим берүү программасы боюнча – 6 миңден ашык.

Илимий-педагогикалык ишти 1000ден ашык окутуучу, анын ичинде 2 академик жана КР УИАнын 5 мүчө-корреспонденти, 99 илимдин доктору жана профессор, 336 илимдин кандидаттары, PhD, доценттер алып барышат. Изилдөө саясаты илимий потенциалды, технологияны өнүктүрүүгө, өндүрүшкө илимий изилдөөлөрдү киргизүүгө, илимий изилдөө жаатында эл аралык кызматташтыкты бекемдөөгө багытталган.

Илимий-изилдөө иштери Кыргыз Республикасынын илиминин артыкчылыктуу багыттары боюнча аткарылат: энергетика маселелери; машина куруудa технологиялардын, механизмдердин жана системалардын натыйжалуулугун жогорулатуу; колдонмо механиканын, физиканын маселелери жана жаратылыш кубулуштарын моделдөө; маалыматтык-телекоммуникациялык системаларды иштеп чыгуу; транспорттук логистика жана интеллектуалдык транспорттук системалар маселелери; өндүрүш технологияларын иштеп чыгуу, экологиялык таза продукцияларды кайра иштетүү, тоо-кен иши жана тоо-кен технологиялары, курулуш жана архитектура, учкучсуз учуучу аппараттардын технологиялары, химиялык технологиялар ж.б.

Илимий изилдөө иштери республикалык бюджеттен, ошондой эле эл аралык

гранттардын жана КМТУнун алдындагы 6 илимий-изилдөө институтунда жана 2 илимий борборунда топтолгон чарбалык келишимдердин эсебинен каржыланат: физикалык-техникалык проблемалар илимий-изилдөө институту, химиялык-технологиялык илимий-изилдөө институту, энергетика жана байланыш илимий-изилдөө институту, Кыргыз минералдык сырье институту, "Сейсмотуруктуу курулуш" илимий-изилдөө институту, "КОНАС" илимий-инженердик борбору, "Геоквантум" илимий-техникалык борбору.

2023-2025-жылдардагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгында 68 патент алынды, 123 монография, ата мекендик жана чет элдик рецензияланган илимий басылмаларда 2025тен ашык илимий макала, ошондой эле Scopus, WoS маалымат базасында 293 илимий иштер жарык көрдү.

И. Раззаков атындагы КМТУда аспирантуранын жана докторантуранын 22 илимий адистиги боюнча илимий кадрларды даярдоо жүргүзүлөт, кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо боюнча 4 диссертациялык кеңеш, PhD докторантурасынын 17 билим берүү программасы иштейт, илимий-техникалык база түзүлгөн, ошондой эле окутуунун жана илимий кадрларды даярдоонун артыкчылыктуу багыттары боюнча илимий ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу профессордук-окутуучулук курам бар. Студенттерди ИИИ аткарууга тартууга өзгөчө көңүл бурулат. Студенттер жыл сайын өткөрүлүүчү жаштардын студенттик конференциясынын алкагында өздөрүнүн илимий-техникалык иштеп чыгууларын жана баяндамаларын тартуулашат.

И. Раззаков атындагы КМТУ инновациялык бизнестин өз ара аракеттенүү борборлорун түзүүдө, ал үчүн бизнес өкүлдөрү, илимий-педагогикалык кызматкерлер жана студенттер үчүн коммуникация аянтчалары түзүлөт. Мындай аянтчалардын өзгөчө түрлөрү болуп технологияларды трансферт борбору, технопарк жана компетенциялар борбору саналат, алар ИИИ аткарууга келишимдерди ишке ашыруу боюнча бизнес-коомчулук менен кызматташууну өнүктүрүү багытында иштейт. КР ИЖБжИМ жана чет элдик илимий фонддордун гранттарын аткарууга конкурстук өтүнмөлөрдү даярдоо боюнча ишмердүүлүктү активдештирүү приоритеттүү багыт болуп кала берет.

И. Раззаков атындагы КМТУдагы эл аралык ишмердүүлүк алдыңкы чет элдик университеттер менен кызматташуу программаларынын, эл аралык билим берүү программалары менен долбоорлорун ишке ашыруунун, биргелешкен илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн, илимий-практикалык семинарларды жана конференцияларды уюштуруунун, окутуучу кадрлар менен алмашуунун жана студенттик мобилдүүлүктү өнүктүрүүнүн алкагында жүргүзүлөт. И. Раззаков атындагы КМТУ КМШ, Азия жана Европа өлкөлөрүнүн көптөгөн чет элдик университеттери жана уюмдары менен туруктуу байланыштарды колдойт.

Чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу боюнча 600дөн ашык келишим түзүлгөн. Өнөктөш университеттер төмөнкү өлкөлөрдөн: Австрия, Венгрия, Германия, Казакстан, Кытай, Кипр, Испания, Италия, Россия, Румыния, Словакия, АКШ, Тажикстан, Өзбекстан, Франция, Швеция, Түштүк Корея жана жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн. Жыл сайын алыскы чет өлкөлөргө алмашуу программалары боюнча 60ка жакын студент кетет, КМТУнун 250дөн ашык кызматкери стажировкадан өтүп, квалификациясын жогорулатат. Университеттер аралык келишимдердин жана долбоорлордун аркасында стипендиялык программалардын жана академиялык мобилдүүлүк конкурстарынын жеңүүчүлөрүнүн саны көбөйүүдө.

И. Раззаков атындагы КМТУ Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) университеттеринин курамына кирет. Университет Кыргызстандагы Россия-Кыргыз техникалык университеттеринин консорциумунун (РКТУК) ишмердүүлүгүн координациялайт. Россия Федерациясынын алдыңкы жождору менен биргелешкен бакалавриат жана магистратура билим берүү программалары («Россотрудничество» программасы боюнча) жана Кытай менен «Бир алкак – бир жол» демилгесинин алкагында ишке ашырылууда. Университет төмөнкү эл аралык ассоциациялардын жана университеттердин тармактарынын курамына кирет:

− КМШ тармактык университети;
− Евразиялык тармактык университет;
− Техникалык университеттердин ассоциациясы;
− Азия университеттеринин ассоциациясы;
− Курулуш жогорку окуу жайларынын ассоциациясы;
− Евразиялык-Тынч океан университеттер тармагы;
− Жаңы Жибек жолунун университеттик альянсы;
− «Синергия» университеттер аралык илимий-билим берүү тармагы.

И. Раззаков атындагы КМТУда DAAD жана ERASMUS+ гранттык программаларынын алкагында иштелип чыккан машина куруу, электроэнергетика, телематика, логистика жана биоинженерия сыяктуу багыттар боюнча бакалавриаттын жана магистратуранын биргелешкен билим берүү программалары ишке ашырылууда. Университетте «Горизонт», USAID жана башка эл аралык фонддордун колдоосу менен эл аралык илимий-изилдөө долбоорлору ишке ашырылууда. Эл аралык долбоорлордун жыйынтыгында PhD билим берүү программалары иштелип чыгып, Европа жана Азиянын алдыңкы университеттери менен тыгыз кызматташтыкта жаш окумуштууларды даярдоо жүргүзүлүүдө.

И. Раззаков атындагы КМТУнун студенттери Кытайдын Харбин политехникалык университети, Ляонин нефть-газ жана химия университети, Ляньчжоу транспорт университети, Синьцзян университети, Сюйчжоу университети, Пекин технологиялык институту сыяктуу жогорку окуу жайларында бюджеттик негизде билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. И. Раззаков атындагы КМТУнун студенттеринин стартап-долбоорлору инновациялык өнүгүү жана ишкердик боюнча расмий университеттик программанын алкагында, анын ичинде жыл сайын өткөрүлүүчү «StartUp KSTU» конкурсунда ишке ашырылат. Студенттер төмөнкү багыттар боюнча инновациялык бизнес-идеяларды сунушташат: IT жана санариптик технологиялар, экология жана туруктуу өнүгүү, социалдык инновациялар, технологиялар жана инженердик чечимдер, социалдык ишкердик. Жыл сайын «StartUp KSTU» конкурсуна 40тан ашык стартап-долбоор катышат. Акыркы үч жылда конкурстун 16дан ашык студенти жеңүүчү болду.

И. Раззаков атындагы КМТУда акыркы 20 жылда ар кандай эл аралык программалар боюнча 50дөн ашык долбоор ийгиликтүү ишке ашырылды. Натыйжада биргелешкен билим берүү, изилдөө жана өндүрүш борборлору түзүлдү. И. Раззаков атындагы КМТУ керектүү материалдык-техникалык ресурстар менен камсыздалган. Өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын катарында университеттин материалдык-техникалык базасын жана инфратүзүмүн чыңдоо жана модернизациялоо, лабораторияларды өз убагында жабдуу жана жаңылоо турат. И. Раззаков атындагы КМТУнун жалпы аянты 130730,9 чарчы метрди түзгөн 24 окуу корпусу, 9 студенттик жатаканасы, илимий-техникалык китепканасы, спорттук базасы, 5 окуу-өндүрүштүк полигону, 80ден ашык компьютердик классы, 3000ден ашык компьютери бар.

Университетте окуудан тышкаркы жана социалдык иштерди ишке ашыруу, ошондой эле студенттик өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды камтыган өзгөчө билим берүүчү, тарбиялоочу чөйрө түзүлгөн. Студенттерди тарбиялоо окуу процессинде жана окуудан тышкаркы убакта жүргүзүлөт.

И. Раззаков атындагы КМТУнун каржылык ресурстары билим берүү кызматтарын көрсөтүү аркылуу түзүлөт, бул жалпы кирешенин 90%ын түзөт. Сертификацияланган өндүрүштүк борборлор, технопарктар, бизнес-инкубаторлор, заманбап лабораториялык илимий-изилдөө борборлору аркылуу кызматтарды уюштуруу университеттин жалпы кирешесинин 20-30% чегинде кошумча кирешелерди көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Инвестицияларды тартуу жана эндаумент-фондунун ишин уюштуруу зарылчылыгы бар. Эмгек акы фондунун салыштырма салмагын кыскартуу үчүн штаттык бирдиктер жана университеттин түзүмү үзгүлтүксүз оптималдаштырылып, окуу пландары кайра каралып, АЧБ айрым функциялары аутсорсингге берилди. Билим берүү кызматтарын татыктуу

шарттарда көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн ОКБ жана ЖКБ адистерин даярдоого тариф пландуу түрдө жогорулатылууда. Ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн жаңы корпустарды ишке киргизүү зарыл.

И. Раззаков атындагы КМТУнун стратегиясын иштеп чыгууда тышкы чакырыктар эске алынып, төмөнкүлөр негизгилери катары белгиленди:

- билим берүү жана илимдин глобалдашуусу, жождордун ишмердүүлүгүнүн интернационалдашуусун кеңейтүү;
- инновациялык экономикага жана билим берүүнү санариптештирүүгө өтүү зарылчылыгы;
- билим берүү кызматтарын керектөөчүлөрдүн бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясына болгон талаптарын күчөтүү;
- билим берүү жана илимий мейкиндикте жождордун ортосундагы атаандаштыкты күчөтүү.

## 3. ӨНҮГҮҮ МОДЕЛИН ТАНДОО

И. Раззаков атындагы КМТУнун максаттуу моделин түзүү максатында төмөнкү критерийлердин негизинде университеттердин референттик тобу түзүлдү:

- илимий жана билим берүү чөйрөсүндөгү инновациялык ишмердүүлүктүн улуттук деңгээлде алдыңкы орундарды ээлеши жана эл аралык деңгээлде таанылышы;
- билим берүүнү жана илимди интернационалдаштырууну багыттоо жана ишке ашыруу;
- улуттук жана эл аралык эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү инженердик-техникалык кадрларды даярдоо;
- университеттин профилдик илим, жогорку кесиптик билим берүү жана инновациялар жаатында эл аралык таанылышы жана интернационалдашуусу;
- референттик университеттердин миссиясы жана стратегиялык өнүгүү максаттары багыты жана максаттуу милдеттери боюнча И. Раззаков атындагы КМТУга жакын.

Көрсөтүлгөн критерийлерди колдонуу менен төмөнкү 4 университет аныкталды:

1. **Массачусет технологиялык институту (MIT)** (АКШ), дүйнөдөгү эң алдыңкы технологиялык университет катары. Ал илимий изилдөөлөр, глобалдык инновациялар жана технологиялык ачылыштар жаатындагы дүйнөлүк элиталык университет болуп саналат. MIT көп жылдар ичинде туруктуу биринчи орунду QS World University Rankings ээлеп келүүдө.
2. **Цюрих федералдык технологиялык институту (ETH Zurich)** (Германия), Швейцариянын мамлекеттик университети катары, дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин ондугуна кирет. Ал илим, техника, инженерия жана математика жаатында бакалавриат, магистратура жана докторантуранын эл аралык билим берүү программаларын ишке ашырат (STEM).
3. **Мюнхен техникалык университети (TUM)** (Германия). Ал акыркы жылдары Германияда гана эмес, Европа Биримдигинде да инженердик илимдер, технологиялар жана менеджмент боюнча алдыңкы билим берүү борбору болуп кала берүүдө. TUM QS World University Rankings 2026 рейтингинде дүйнө жүзү боюнча 22-орунду ээлейт.
4. **Казак улуттук изилдөөчү техникалык университети (КазУИТУ – Satbayev University)** (Казахстан) – жакшы өнүккөн инфратүзүмү бар ири илимий-билим берүү комплекси. Ал өндүрүштөргө илимий колдоо көрсөтөт жана илимий изилдөөлөр, стартаптар үчүн каржылоо табууга көмөктөшөт жана QS World University Rankings 2026да 331-орунду ээлейт.

Акыркы жылдары аталган университеттер колдонмо изилдөөлөрдөн инновациялык фундаменталдык изилдөөлөргө чейин чечкиндүү өзгөрүүлөрдү башынан өткөрдү.

1-таблицада университеттердин референттик тобунун кыскача мүнөздөмөсү келтирилген.

**Таблица 1 – РЕФЕРЕНТТИК УНИВЕРСИТЕТТЕР: НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨР**

| **Эталондук университеттер** | **QS World University Rankings 2026** | **И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү багыттары үчүн багыттоочулар** | **Университеттердин көрсөткүчтөрүнө шилтеме** |
|---|---|---|---|
| Массачусет технологиялык институту (MIT) (АКШ) | 1-орун | MIT АКШ – дүйнөдөгү эң алдыңкы технологиялык университет. Ал илимий изилдөөлөр, глобалдык инновациялар жана технологиялык ачылыштар жаатындагы элиталык дүйнөлүк университет болуп саналат. | |
| Цюрих федералдык технологиялык институту (ETH Zurich) | 7-орун | Цюрих федералдык технологиялык институту (ETH Zurich) – Швейцариянын мамлекеттик университети. Анын негизги ишмердүүлүгү – техника, инженерия жана математика жаатында изилдөө жана жогорку билим берүү (STEM). | |
| Мюнхен техникалык университети (TUM) Германия | 22-орун | Мюнхен техникалык университети (TUM) Германия, ишкердик университети катары, көп жылдар бою Германияда гана эмес, Европа Биримдигинде да инженердик илимдер, технологиялар жана менеджмент боюнча алдыңкы билим берүү борбору болуп кала берет. | |
| Казак улуттук изилдөөчү техникалык университети (КазНИТУ – Satbayev University) | 331-орун | Satbayev University (КазУИТУ) – Казакстандагы эң ири илимий-билим берүү комплекси, жакшы өнүккөн инфраструктурасы бар. Ал өндүрүштөргө илимий колдоо көрсөтөт жана илимий изилдөөлөр менен стартаптарды каржылоо үчүн жардам берет. | |

## 4. МИССИЯ ЖАНА КӨЗ-КАРАШТАР

**И. Раззаков атындагы КМТУнун миссиясы** – илимдин, техниканын, технологиялардын жетишкендиктеринин жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоонун негизинде сапаттуу техникалык билим берүүнү өркүндөтүү жана өнүктүрүү, эмгек рыногунун, коомдун, экономиканын жана мамлекеттин керектөөлөрүнө ылайык келген атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу өлкөнүн инновациялык өнүгүүсүнө багытталган.

**Көз-караш**. И. Раззаков атындагы КМТУ - инновациялык, изилдөө, техникалык университет, улуттук жана эл аралык илимий-билим берүү мейкиндигинде лидер.

2030-жылга чейин И. Раззаков атындагы КМТУ QS дүйнөлүк абройлуу университеттер рейтингинин ТОР-1000ине кирип, жыл сайын позициясын жакшыртууга тийиш. Ишкердик, чыгармачылык жана интеллектуалдык чөйрөнү түзүүнү жана университеттин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу жыйынтыктарына багытталган жалпы жамааттын жеке аракеттерин бириктирүүнү камсыз кылуучу процесстерди башкаруунун жаңы системасынын модели ишке ашырылат.

## 5. ӨНҮГҮҮНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ

- эл аралык стандарттарга жана бүтүрүүчүлөрдүн көндүмдөрүнө жана билимине коюлган өзгөрүлүп жаткан талаптарга ылайык билим берүү сапатынын жогорку деңгээлин камсыз кылуу;
- билим берүүнү жана илимди интернационалдаштыруу;
- билим берүү, илим, инновация жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштыруу боюнча ишмердүүлүктүн өз ара байланышын караган «Университет 4.0» концепциясын киргизүү;
- санариптик технологиялардын жана университеттердин изилдөө үлгүсүндөгү моделдеринин негизинде ийкемдүү жана натыйжалуу башкаруу системасын түзүү.

Приоритеттүү багыттарды ишке ашыруу максатында өз ара байланышкан программалар системасы каралган:

1. Сапаттуу билим берүү (тиркеме 1);
2. Алдыңкы илим жана инновациялар (тиркеме 2);
3. Адам ресурстарын күчөтүү (тиркеме 3);
4. Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү (тиркеме 4);
5. Инфратүзүмдү өнүктүрүү, коопсуз жана натыйжалуу чөйрө (тиркеме 5);
6. Санарип университет (тиркеме 6);
7. Социалдык жана өнүктүрүүчү чөйрө (тиркеме 7).

## 6. СТРАТЕГИЯНЫ ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМИ

Өнүгүү стратегиясын И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңеши бекитет, ал ошондой эле аны ишке ашыруунун жыйынтыктарын үзгүлтүксүз талкуулап, зарыл болгон учурда өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду карап чыгып, бекитет.

И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү стратегиясы анын түзүмдүк бөлүмдөрү жана кызматтары тарабынан пландаштырылган көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) аткарууга багытталган ишмердүүлүгүнүн алкагында ишке ашырылат, мында түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси тапшырмалардын аткарылышын ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Стратегияны ишке ашыруу механизми И. Раззаков атындагы КМТУнун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн деңгээлинде жылдык пландар түрүндө стратегиялык милдеттерди аткаруу боюнча ресурстар, аткаруучулар жана ишке ашыруу мөөнөттөрү боюнча байланышкан иш-чаралардын комплексин билдирет, алар акыркы натыйжага жогорку багытталгандыгы жана ага жетүү үчүн ресурстардын концентрациясы менен мүнөздөлөт (1-7-тиркемелер).

Өнүгүү программаларын натыйжалуу ишке ашыруу максатында стратегиялык пландоо ушул стратегияда пландаштырылган бюджет менен толук байланыштырылат.

Мониторинг жана баалоо түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, университеттин жетекчилиги тарабынан үзгүлтүксүз жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы И. Раззаков атындагы КМТУнун илимий кеңешинин жыйынына белгилүү бир өнүктүрүү программалары үчүн жооптуу адамдар тарабынан чыгарылат.

## 7. МҮМКҮН БОЛУУЧУ ТОБОКЕЛДИКТЕР

И. Раззаков атындагы КМТУнун стратегиялык максаттарына натыйжалуу жетүү, мүмкүн болуучу тобокелдиктерди азайтуу жана алардын кесепеттерин минималдаштыруу максатында университетте тобокелдиктерди башкаруу системасы түзүлгөн. Мүмкүн болуучу тобокелдиктерге таасир этүүчү негизги тышкы факторлор:

**Экономикалык факторлор:** өлкөдө өнөр жайлардын жоктугу жана экономиканын өнүкпөгөн тармактары, алар үчүн университет кадрларды даярдоону жүзөгө ашырат, тармактардын колдоосу жана кызыгуусунун жоктугу, калктын миграциясы (ички, тышкы), калктын финансылык сабаттуулугунун жоктугу , коррупциялык схемалар, инфляция.

**Саясий факторлор:** билим берүү жана илим системасында жетекчиликтин тез-тез алмашуусу, билим берүү маселелерине комплекстүү системалуу мамиленин жоктугу, жумушка орношууда коррупция, билим берүү тармагында эмгек акынын төмөн деңгээли.

**Социалдык факторлор:** мектептеги даярдыктын төмөндүгү, жакырчылыктын өсүшү, эмгек миграциясы, байланыштардын бузулушу, бузулган агымдар, сабатсыздыктын төмөндөшү, билим берүү үчүн каражаттын аздыгы, кадрларды даярдоонун төмөндүгү.

**Технологиялык факторлор:** Маалыматтык коопсуздуктун жоктугу.

И. Раззаков атындагы КМТУнун өнүгүү программаларын ишке ашырууда тобокелдиктер болушу мүмкүн (8-тиркеме), алар көбүнчө ички факторлорго байланыштуу жана бул тобокелдиктерди азайтуу боюнча иш-чаралар аркылуу өз убагында башкарылат.

## ПРОГРАММА: САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ

### Таблица 1.1 – ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ПЛАНЫ

| Стратегиялык маселелер | Чаралар /кыймыл-аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү, жылдар | Индикатор/ күтүлүүчү жыйынтыктар (продукт) | Жооптуу аткаруучулар | Ишке ашырууга каражаттар (суммасы)/кар-жылоо булагы |
|---|---|---|---|---|---|
| БПда дисциплиналар аралык багыттарды түзүү, анын ичинде базалык докторантура боюнча (PhD/профиль боюнча) | "Областтардын" кесилишиндеги, эл аралык талаптарды эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгуу, саны. | 2026-2030 | 5 БП | АИ б-ча проректор, илимий иштер б-ча проректор | |
| | БПга дисциплиналар аралык циклди киргизүү | 2026-2027 | Бардык БП киргизилген | АИ б-ча проректор, илимий иштер б-ча проректор | |
| Аймактык жана тармактык өзгөчөлүктөрдү, илимдин өнүгүшүн жана региондордун социалдык-маданий өнүгүүсүн эске алуу менен аймактык филиалдардын тобун кадрларды даярдоо борборлору катары өнүктүрүү | Эң керектүү багыттар боюнча аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен БПны иштеп чыгуу, учурдагы программаларды оптималдаштыруу. | 2026-2030 | Туруктуу негизде | АИ боюнча проректор, филиалдардын директорлору | |
| | Чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен биргелешкен жана/же эки дипломдуу билим берүү программаларын иштеп чыгуу | 2026-2030 | Институтта/жогорку мектепте кеминде 1 иштеп жаткан ББПнын болушу | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин директорлору | |
| Практикага багытталган окутууну уюштуруу | Дуалдык окутуу үчүн ишканалардын маалыматтар базасын түзүү | 2026-2027 | Институтта/Жогорку мектепте дуалдык окутуу боюнча кеминде 1 БПнын болушу | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин, филиалдардын директорлору | |
| | Окуу дисциплиналарын окутууга долбоордук окутууну киргизүү. Анын ичинде ишканалардын жана коомдун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча биргелешкен дисциплиналар аралык БКЖны ишке ашыруу | 2026-2027 | Бардык ББП киргизилген | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин, филиалдардын директорлору | |
| Билим берүү программаларынын мазмунуна туруктуу өнүгүү, жашыл экономика жана ресурстарды үнөмдөө экономикасынын | Туруктуу өнүгүү маселелери жана ресурстарды үнөмдөөчү экономиканын принциптери боюнча модулдарды киргизүү | 2026-2027 | Бардык БП киргизилген | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин директорлору | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| принциптери боюнча маселелерди киргизүү | | | | | |
| Окуучулардын жумушчу кесиптер боюнча квалификацияларды ыйгаруу менен көндүмдөрдү алуусу, тармактын алдыңкы ишканаларынын өндүрүштүк базаларын пайдалануу | Эл аралык жана ата мекендик компаниялар менен кызматташуунун алкагында кошумча билим берүү программаларын өнүктүрүү | 2026-2030 | КМТУдагы жалпы БПнын 40%ы | АИ боюнча проректор, ЭБ боюнча проректор, институттардын директорлору, Жогорку мектеп, ТИ б-ча департаменттин директору | |
| Эмгек рыногунун приоритеттерине жана квалификация системасына ылайык билим берүүнү актуалдаштыруу | Кызыкдар тараптар (иш берүүчүлөр) менен кайтарым байланыш системасынын болушу | 2026-2030 | Кайтарым байланыш системасы | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин директорлору, КЖБ директору | |
| | БПны эл аралык аккредитациялоо | 2026-2030 | 25 БП | АИ боюнча проректор, БСД директору, институттардын/жогорку мектептин директорлору | 10 млн. сом - КМТУ |
| | Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну жана карьералык өсүшүн колдоо тутумун ишке ашыруу | 2026-2030 | 90% ишке орноштуруу | КЖБ директору, институттардын/жогорку мектептин директорлору | |
| Жожго чейинки билим берүүнү өркүндөтүү | Колледждердин уюштуруу-башкаруу курамын, инфратүзүмүн өркүндөтүү | 2026-2030 | Жаңыланган башкаруу түзүмү жана инфратүзүмү | АИ боюнча проректор, АЧИ ча проректор | ПГИ жана гранттар - 200 млн. сом |
| Көп тилдүү билим берүү программаларын өнүктүрүү | Кыргыз тилинде билим берүүчү дисциплиналардын (ББД) кеңейтүү | 2026-2030 | 40% БИ | АИ боюнча проректор, институттардын/жогорку мектептин директорлору | |
| | Билим берүү программаларын чет тилинде кеңейтүү (анын ичинде тилди тереңдетип окутуу менен). | 2027 | Ар бир институт/жогорку мектеп англис тилинде кеминде бир БП ишке ашырат | АИ боюнча проректор, Э.бөл., ИКЖД, институттардын/жогорку мектептин директорлору | 500 миң сом – КМТУ |
| | Бардык БПга англис тилин үйрөтүү системасын киргизүү | 2026-2029 | Студенттер 3-курстан кийин B1 деңгээлинен төмөн эмес деңгээлге жетишет | АИ боюнча проректор, Э.бөл., ИКЖД, институттардын/жогорку мектептин директорлору | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Инклюзивдүү билим берүү үчүн шарттарды түзүү | 2026-2030 | Адаптацияланган билим берүү материалдарынын болушу | АИ боюнча проректор, ИКЖД, | |

**Таблица 1.2 - ПРОГРАММАНЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО ИНДИКАТОРЛОРУНУН МАТРИЦАСЫ**

| **Стратегиялык маселелер** | **Индикатордун аталышы** | **Чен. бир.** | **Базалык жак** | **Аралык индикаторлору** | | | | | **Акыркы индикаторлор** | **Жооптуу аткаруучулар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **2025** | **2026** | **2027** | **2028** | **2029** | **2030** | | |
| БПда дисциплиналар аралык багыттарды түзүү, анын ичинде базалык докторантура боюнча (PhD/профиль боюнча) | "Областардын" кесилишиндеги билим берүү программаларынын саны | ед. | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | Жылына бир БП | ОБ, АжДБ |
| | Дисциплиналар аралык цикл менен БПдин үлүшү, % | % | - | 100 | - | - | - | - | Бардык БПга киргизилген | ОБ, АжДБ |
| Университеттин филиалдарын аймактык жана тармактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кадрларды даярдоо борборлору катары өнүктүрүү, илимди жана региондорду социалдык-маданий өнүктүрүүнү | Эң керектүү багыттар боюнча аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен иштелип чыккан жана ишке ашырылып жаткан БП үлүшү, учурдагы программаларды оптималдаштыруу | % | суроо-талапка жараша | | | | | | Туруктуу негизде | Филиалдар |
| | Биргелешкен жана/же кош дипломдук билим берүү программаларынын саны | ед. | 86 | Институт/жогорку мектеп үчүн кеминде 1 иштеп жаткан ББПнын болушу | | | | | Институт/Жогорку мектеп үчүн кеминде 1 иштеп жаткан ББПнын болушу | ОБ, Э.бөл., кафедралар |
| Практикага багытталган окутууну уюштуруу | Дуалдык окутуунун маалыматтар базасындагы ишканалардын саны | ед. | 12 | Институтта/жогорку мектепте дуалдык окутуу боюнча кеминде 1 БПнын болушу | | | | | Институтта/жогорку мектепте дуалдык окутуу боюнча кеминде 1 БПнын болушу | ОБ, кафедралар |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Долбоордук окутуу менен ишке ашырылган БП/модулдардын үлүшү | % | 2 | 100 | - | - | - | - | Бардык БПга киргизилген | Институттар жана ЖМ |
| Билим берүү программаларынын мазмунуна туруктуу өнүгүү, жашыл экономика жана ресурстарды үнөмдөө экономикасынын принциптери боюнча маселелерди киргизүү | Туруктуу өнүгүү жана ресурстарды үнөмдөөчү экономика принциптери боюнча модулдары бар БПнын үлүшү | % | 20 | 100 | - | - | - | - | Бардык БПга киргизилген | ОБ, институттар/ЖМ директорлору, кафедралар |
